# Б. БЕЙШЕНАЛИЕВА АТЫНДАГЫ
# КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МАДАНИЯТ ЖАНА ИСКУССТВО УНИВЕРСИТЕТИНИН
## Окумуштуулар Кеңешинин жыйынынын №5 протоколу

Бишкек шаары                                        2023-жылдын 24-февралы

Катышкандар: Окумуштуулар Кеңешинин — 28 мүчөсүнөн, 22си катышты.
Төрага: ректор, филология илимдеринин кандидаты, доцент Т.Р. Колдошов
Катчы: Ч.К. Жумалиева

Колдошов Т.Р. — Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер! Окумуштуулар Кеңешинин курамынын 28 мүчөсүнөн 22си катышты, Г.Алымкулова декреттик өргүүдө, С.К. Интина ооруп жаткандыгына байланыштуу эмгек акысы сакталбаган эс алууга чыккан, Маматкулов А.А. жана А.А. Абдыкадырова ооруканада, Ч.М. Турумбаеванын бүгүн Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясында диссертациялык иши каралып жатат ошого суранып кетти. Ал эми сырттан окуу, кадрларды даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу факультетинин деканынын орду бош азыркы убакта. Кворум бар, кимде кандай сунуш бар. Баштай берели деген сунуш түштү (келүү барагы тиркелет).
«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинде 5 маселе, алар (күн тартиби тиркелет):

1. Университеттин 2022-2023-окуу жылдарында күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө кышкы зачеттук-экзамендик сессиясынын жыйынтыктары тууралуу отчетун угуу жана чечим кабыл алуу.
(Окуу иштери боюнча проректор, күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн факультеттеринин декандары.)
2. Мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүүгө талапкерлерди талкуулоо жана чечим кабыл алуу. (Профкомдун төрагасы).
3. 2023-2028-жылдарына Бүбүсара Бейшеналиева атындагы КММИУнун стратегиялык өнүктүрүү Программасын талкуулоо жана бекитүү. (Ректор).
4. Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурстук шайлоо. (Илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректор, Окумуштуулар Кеңешинин катчысы, кадрлар бөлүмүнүн башчысы).
5. Ар түрдүү маселелер.

Күн тартиби менен бирге Регламентти 10 мүнөт, жарыш сөзду 3-5 мүнөт деп бекитип алсак туура болот деп ойлоп турам, кандай сунуш бар?
«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.
Окумуштуулар Кеңеши өз ишин күн тартибин бекитүү менен баштады. (Бир добуштан бекитилди).

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин биринчи суроосуна өтөлү.

1. <u>Угушту:</u> Университеттин 2022-2023-окуу жылдарында күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө кышкы зачеттук-экзамендик сессиясынын жыйынтыктары тууралуу Отчету. Окуу иштери боюнча проректор К.К. Тулобердиев сүйлөдү (отчету тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Рахмат, Калыбек Кемелович! Суроолор болсо берсеңиздер.

Көчөрбаев С.Б. — Менде сунуш бар эле. Мини-сессияга мүмкүнчүлүк бердик, бирок студенттерде жоопкерчилик болбой жатат. Мини-сессияга калган балдарга чара көрүп, алардын сессия тапшыруусун татаалдаштырсак жакшы болобу деген ой, кыскасы кийинки сессияларда мини-сессияга калбагыдай кылып.

Тулобердиев К.К. — Туура, кабыл алабыз. Мини-сессияга калып калган балдар үчүн Жобо иштеп чыктык, бүгүнкү Окумуштуулар Кеңешинде ар түрдүү маселелерде карайбыз.

Турдалиева А.А. — Быйылкы окуу жылы сырттан окуу бөлүмүндө студенттер көп болгондуктан, андан сырткары көбү ооруп келе албай калгандыгына байланыштуу апрель айында мини-сессияга калтырдык.

Тулобердиев К.К. — Сырттан окуу бөлүмүндө 25 студенттен 10у Кыргыз Республикасынын жарандары, ал эми 15и чет элдик студенттер болуп жатат.

Колдошов Т.Р. — Рахмат. Окумуштуулар Кеңешинде 40тан 60ка чейин адам болуш керек. Жылдын аягында бул маселени чечебиз. Суроо менен сунуш эки башка нерсе, ошого жакшы көңүл бурсаңыздар. Менде суроо бар:

1. Сиз окуу иштеринин проректору катары окубаган студенттердин санын азайтууга кандай чара көрүп жатасыз?

Тулобердиев К.К. — Бул процессти катуулаштыруу системасын иштеп чыгышыбыз керек болуп турат, азыр жаңы прейскуранттарды бекитсек иш алдыга жылат деген ойдомун.

2. Коррупцияга каршы күрөшүү комиссиясы түзүлдү беле жана сессия учурунда текшерүү иштери кандай жүргүзүлдү?

Тулобердиев К.К. — Адистиктер боюнча ар бир окутуучу кафедра менен бирге экзамен алышат, бул экзамендер инструмент менен байланыштуу экзамендер, ал эми жалпы теориялык жана гуманитардык сабактар боюнча маселелер чыкканда, алар каралат.

3. Тесттик суроолорду түзүү боюнча фонд барбы?

Тулобердиев К.К. — Фонд жок, ага биздин материалдык-техникалык абалыбыз дагы мүмкүнчүлүк бербей жатат, бирок ишти карап, фонд түзүп, киргизсек болот.

Колдошов Т.Р. — Рахмат, Калыбек Кемелович! Билим жана тарбия эң негизги маселе, анткени биз жогорку окуу жайбыз. E-Bilim системасына өтүп, ал жерде тесттик суроолорду түзүп чыгышыбыз керек. Ал тесттер 4-5 вариантта болуш керек. Бул теориялык жана гуманитардык сабактарга тиешелүү.

Колдошов Т.Р. — Биринчи маселе боюнча чечимдерди тааныштырууга уруксат берсеңиздер.

1. Университеттин 2022-2023-окуу жылдарында күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүндө кышкы зачеттук-экзамендик сессиясынын жыйынтыктары тууралуу отчету эске алынсын.

2. Кесиптик окуу жайлар боюнча окуу пландары 20-мартка чейин кайра каралып чыксын.

3. Бул чечимдердин аткарылышы окуу иштери боюнча проректор К.К. Тулобердиевке жүктөлсүн.

4. Конок-лекцияларды уюштуруу жана ишке ашыруу жандандырылсын.

5. Теориялык жана гуманитардык сабактар үчүн тесттик суроолордун фонду түзүлсүн.

6. Бул чечимдердин аткарылышы ректордун көзөмөлүндө болсун.

7. Бул чечимдердин аткарылышы боюнча маалымат кийинки Окумуштуулар Кеңешине чейин жазуу түрүндө берилсин.

Добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин экинчи суроосуна өтөлү.

2. Угушту: 2. Мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүүгө талапкерлерди талкуулоо жана чечим кабыл алуу. Профкомдун төрагасы Э.Ш. Шейшеналиев сүйлөдү (өтүнүчү жана протоколдор тиркелет).

1. Джолдошбекова Сарылкан Апиевна, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине «Билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкер» ардактуу наамына.

2. Текешев Акимбек Анарбекович, Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине «Кыргыз Республикасынын эл артисти» ардактуу наамына.

Колдошов Т.Р. — Суроолор барбы? Менде суроо бар:
1. Ар бир наамга канча киши бар?
Шейшеналиев Э.Ш. — Жалпы 18 киши.

Колдошов Т.Р. — Менин оюмча мамлекеттик наамдарга 3-4 кишиден берсек туура болот, себеби талапкерлер башка мекемелерден дагы болот, ошондуктан аз берсек бизде мүмкүнчүлүк көбүрөөк болот. Ал эми көп кишини жөнөтсөк алар каралбай калат. Эркин Шайлообекович, сиз Жобого бардык иш кагаздарды туура келген талапкерлердин документтерин карап, ылайыктап, анан Окумуштуулар Кеңешине чыгарыңыз. Ошондой эле ар бир факультеттен бирден талапкер көрсөтүлүш керек. Мисалы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине 5 киши, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине 5 киши. Ал эми талапкерлерди тандоодо милдеттүү түрдө критерийлер болушу керек.

Сунуш катары айтат элем. Мамлекеттик наамдарга жана сыйлыктарга документтерди кадрлар бөлүмүнүн башчысы даярдаш керек, ал эми Профсоюз Окумуштуулар Кеңешине чыгарыш керек. Ошондуктан Эркин Шайлообекович кадрлар бөлүмүнүн башчысына өткөрүп берсеңиз. Рахмат.

Колдошов Т.Р. — Мамлекеттик ардак наамдарга көрсөтүлгөн эки кызматкердин документтерин аталган министрликтерге жөнөткөнгө добуш берип койсоңуздар.
«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

берсек бизде мүмкүнчүлүк көбүрөөк болот. Ал эми көп кишини жөнөтсөк алар каралбай калат. Эркин Шайлообекович, сиз Жобого бардык иш кагаздарды туура келген талапкерлердин документтерин карап, ылайыктап, анан Окумуштуулар Кеңешине чыгарыңыз. Ошондой эле ар бир факультеттен бирден талапкер көрсөтүлүш керек. Мисалы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине 5 киши, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине 5 киши. Ал эми талапкерлерди тандоодо милдеттүү түрдө критерийлер болушу керек.

Сунуш катары айтат элем. Мамлекеттик наамдарга жана сыйлыктарга документтерди кадрлар бөлүмүнүн башчысы даярдаш керек, ал эми Профсоюз Окумуштуулар Кеңешине чыгарыш керек. Ошондуктан Эркин Шайлообекович кадрлар бөлүмүнүн башчысына өткөрүп берсеңиз. Рахмат.

**Колдошов Т.Р.** — Мамлекеттик ардак наамдарга көрсөтүлгөн эки кызматкердин документтерин аталган министрликтерге жөнөткөнгө добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Экинчи маселе боюнча чечимдер:

1. Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин «Социалдык-маданий ишмердиги» кафедрасынын педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, профессордун милдетин аткаруучу Сарылкан Апиевна Джолдошбекованын документтерин «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер» ардак наамына көрсөтүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине сунушталсын.

2. Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университетинин «Режиссура жана актердук чеберчилик» кафедрасынын улук окутуучусу, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери Акимбек Анарбекович Текешовдун документтерин «Кыргыз Республикасынын эл артисти» ардактуу наамына көрсөтүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине сунушталсын.

3. Бул чечимдердин аткарылышы Профсоюздун төрагасы жана кадрлар бөлүмүнүн башчысына жүктөлсүн.

Добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.

«Каршы» — жок.

«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин үчүнчү суроосуна өтөлү.

3. Угушту: 2023-2028-жылдарына Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун стратегиялык өнүктүрүү Программасын талкуулоо жана бекитүү. Ректор Т.Р. Колдошов сүйлөдү (программа тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Рахмат, урматтуу кесиптештер бул программага кошумча сунуштарыңыздар болсо жазуу түрүндө берсеңиздер! Бул программаны бекиткенге добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.

«Каршы» — жок.

«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Үчүнчү маселе боюнча чечим:

1. 2023-2028-жылдарына Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун стратегиялык өнүктүрүү Программасы бекитилсин.

2. Бул чечимдин аткарылышын өзүмө калтырам.

Добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.

«Каршы» — жок.

«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин төртүнчүсү суроосуна өтөлү.

4. Конкурстук шайлоо. Бүгүнкү Окумуштуулар Кеңешине илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректордун өтүнүчү түштү, ага ылайык конкурстук шайлоого 1 арыз түшкөн. «Социалдык-маданий ишмердиги» кафедрасынын улук окутуучусу Мээрим Белековна Асангазиева ушул кафедранын доцентинин милдетин аткаруучу кызмат орунга. Талапкердин бардык документтери тийиштүү деңгээлде даярдалган, отчету, кафедранын жыйынынын протоколунун көчүрмөсү жана арызы текшерилди, тиркелди.

Колдошов Т.Р. — Урматтуу кесиптештер, мурунку Окумуштуулар Кеңешинде конкурстук шайлоого катышкан талапкерлердин отчетторун укпай эле илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректор жана Окумуштуулар Кеңешинин катчысы карашып Окумуштуулар Кеңешине алып чыгышат дегенбиз, ошондуктан Мээрим Белековна Асангазиеваны жашыруун добуш берүү тизмесине киргизип койсок кандай болот. Добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Урматтуу кесиптештер, эсептөө комиссиясынын курамын тактап алалы, сунуштар түштү Джакыпов К.К., Корпобаева М.К. жана Токтогулов А.К. Эсептөө комиссиясын бекиткенге добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Колдошов Т.Р. — Сөз эсептөө комиссиясына берилет.

Джакыпов К.К. - 2023-жылдын 24-февралындагы №1 протоколу. Эсептөө комиссиясынын курамында 3 киши. Төрагасы Джакыпов К.К., эсесптөө комиссиясынын мүчөсү Токтогулов А.К., катчысы Корпобаева М.К.

Колдошов Т.Р. — Эсептөө комиссиясынын жыйынынын мүчөлөрүнүн милдеттерин бөлүштүрүү боюнча 2023-жылдын 24-февралындагы №1 протоколун бекиткенге добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Джакыпов К.К. — Эсептөө комиссиясынын №2 протоколуна ылайык Окумуштуулар Кеңешинин жыйынында 22 мүчө катышты. Конкурска катышкан Мээрим Белековна Асангазиевага Окумуштуулар кеңешинин 22 мүчөсү «макул» деп добуш берген, «каршы» — жок, жараксыз бюллетень — жок.

Колдошов Т.Р. — Эсептөө комиссиясынын №2 протоколун бекиткенге добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

Жогоруда көрсөтүлгөн талапкер жашыруун добуш берүү жолу менен бир добуштан өттү (эсептөө комиссиясынын протоколдору жана бюллетендери тиркелет).

Колдошов Т.Р. — Күн тартибинин бешинчи суроосуна өтөлү.

5. Ар түрдүү маселелер:

1. Университеттин ишмердигине байланыштуу 2 Жобо иштелип чыккан, бул жоболорду толуктоосу менен бекитүү маселеси, аларды сиздерге айтып кетейин:

Биринчиси: *«Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун коррупцияга каршы саясаты жөнүндөгү Жобосу».*

Экинчиси: *«Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун студенттеринин академиялык карыздарын жана предметтик айырмаларын жоюу боюнча Жобосу»*

*жана «Б.Бейшеналиева атындагы КММИУнун акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарынын тарифтик Жадыбалы (Прейскурант)».*

Урматтуу кесиптештер ушул Жоболорду толуктоосу менен бекиткенге добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

**Үчүнчүсү:** Грифке жиберүү боюнча, илимий иштер жана мамлекеттик тил боюнча проректордун өтүнүчү түштү, ага ылайык **«Музыка жана ырдоо»** кафедрасынын доценти **К.А. Тиленчиев** жана ушул кафедранын доцентинин милдетин аткаруучу **Мурат Касейдин** **«Кыргыз эл ырлары ансамблдик аткаруучулукта»** (кыргыз тилинде) деп аталган окуу-методикалык куралын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аркылуу маданият жана искусство боюнча жогорку жана атайын орто окуу жайларында окуган студенттер жана жалпы окуучулар үчүн кошумча окуу куралы катары жөнөтүүгө, басып чыгарууга сунуш бар.

Урматтуу кесиптештер бул окуу-методикалык куралын Билим берүү жна илим министрлигине Грифке жөнөткөнгө добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.
«Каршы» — жок.
«Калыс» — жок.

**Төртүнчүсү:** Жалпы окуу жайыбызда илимий иштер тууралуу, илимий макалаларды чыгарышыбыз керек. Бул маселелени эске алсаңыздар. Кубат Куланчиевич илимий макала жазганды үйрөтүшүбүз керек.

**Бешинчиси:** «Ардактуу профессор» тууралуу. Бизде экинчи кабатта Ардактуу профессорлордун сүрөттөрү илинип турат, алар 11 киши экен, бирок чечимдер 9 кишиникин беришти. Муну айтым жатканым сүрөттөр турат, бирок алардын бирөөсүнө дагы буйрук чыккан эмес, бир гана Окумуштуулар Кеңешинин чечимдери бар экен. Бул маселени ирээтке келтиришибиз керек.

Бүгүнкү Окумуштуулар Кеңешине «TURKSOY» Түрк маданиятынын Эл аралык уюмунун башкы катчысы **Султан Акимович Раевке** биздин окуу жайдын **«Ардактуу профессору»** наамын ыйгарсак туура болот деген ойдомун, ал ага татыктуу адам деп эсептеймин. Кандай сунуштарыңыздар бар?

**Тулобердиев К.К.** — Султан Акимович биздин окуу жай университет статусун алганга абдан чоң салым кошкон, андан сырткары маданият жана чыгармачыл чөйрөдөгү натыйжалуу иштери абдан көп, ошондуктан колдоп берели.

**Искендерова Ж.И.** — Султан Акимовичтин эмгеги биздин кафедрада дагы чоң, мамлекеттик экзамендерде биздин кафедранын студенттерине жана окутуучуларына өзүнүн кеп-кеңешин айтып, тажрыйбасы менен такай бөлүшүп келет. Колдоп берели.

**Көчөрбаев С.Б.** — Туура болуп турат. Азыр «TURKSOY»дун башкы катчысы болгону абдан жакшы чечим болгон. Биз Султан Акимовичке «Ардактуу профессор» наамын ыйгаруубуз абдан жакшы кадам болот. Биздин факультетте фольклордук ансамбль бар, оркестрди кошуп өткөзүлчү иш-чараларга катышсак биздин университет үчүн абдан жакшы иш болот.

**Джакыпов К.К.** — «Ардактуу профессор» наамынын Жобосун иштеп чыгып бекитип койсок туура болгон турат.

**Колдошов Т.Р.** — Мантия боюнча биз азыр карап, буйрутма бердик, университеттин логотибин кошобуз. Урматтуу кесиптештер Султан Акимович Раевке «Ардактуу профессор» наамын ыйгарганга добуш берип койсоңуздар.

«Макул» — 22.

«Каршы» — жок.

«Калыс» — жок.

**Колдошов Т.Р.** — Дүйшөмбү күнү, 27-февралда саат 16.30да «TURKSOY» Түрк маданиятынын Эл аралык уюмунун башкы катчысы **Султан Акимович Раевке** биздин окуу жайдын **«Ардактуу профессору»** тапшыруу аземине келип бериңиздер. Ал жерде келишим дагы түзүлөт.

**Колдошов Т.Р.** — Урматтуу кесиптештер, ушуну менен бүгүнкү Окумуштуулар Кеңешин жыйынтыктадык, сиздерге ийгилик каалаймын!

Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы,
ректор, филология илимдеринин
кандидаты, доцент — Т.Р. Колдошов

Окумуштуулар кеңешинин катчысы — Ч.К. Жумалиева